*Кыргыз Республикасынын*
***Улуттук статистика комитети***

*Экспресс- **маалымат***
2017-ж. 08-июнь.

## 2017-жылдын январь-май айларындагы Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн негизги көрсөткүчтөрү

*(млн. сом)*

| | Иш жүзүндө | 2017 январь-май 2016[1] январь-майына карата пайыз менен[1] | Маалымдама: 2016[1] январь-май 2015 январь-майына карата пайыз менен |
|---|---|---|---|
| Ички дүң продукт (алдын ала баалоо боюнча) | 152898,0 | 106,8 | 95,2 |
| анын ичинде «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эсепке албаганда | 135669,8 | 102,9 | 100,5 |
| Өнөр жай продукциясынын (иштердин, кызмат көрсөтүүлөрдүн) көлөмү - бардыгы | 84714,4 | 134,7[2] | 75,8[2] |
| анын ичинде «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эсепке албаганда | 47872,9 | 120,4[2] | 95,6[2] |
| Пайдалуу кендерди казуу | 5109,3 | 162,7[2] | 144,7[2] |
| Иштетүү өндүрүштөрү | 62043,1 | 136,6[2] | 69,7[2] |
| Электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу) | 16830,2 | 112,2[2] | 87,0[2] |
| Суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана кайра пайдалануучу чийки затты алуу | 731,7 | 103,8[2] | 105,6[2] |
| Айыл чарбасынын, токой чарбасынын жана балык уулоочулуктун дүң продукция-сы | 40908,2 | 101,7 | 101,4 |
| Каржылоонун бардык булактарынын эсебинен негизги капиталга инвестиция (капиталдык салымдар | 33590,4 | 102,9 | 102,8 |
| Курулуштун дүң продукциясы | 31385,5 | 102,2 | 105,6 |

| | Иш жүзүндө | 2017 январь-май 2016[1] январь-майына карата пайыз менен[1] | Маалымдама: 2016[1] январь-май 2015 январь-майына карата пайыз менен |
|---|---|---|---|
| Дүң жана чекене сооданын жалпы көлөмү, автомобилдерди жана мотоциклдерди оңдоо | 135711,1 | 103,8 | 104,8 |
| анын ичинде автомобилдерди жана мотоциклдерди сатуудан тышкары чекене соода | 75645,4 | 104,4 | 104,2 |
| Мейманкалардын жана ресторандардын кызмат көрсөтүүлөрү | 5982,6 | 106,7 | 106,8 |
| Транспорттун бардык түрү менен жүктөрдү ташуунун көлөмү, миң тонна | 11419,8 | 102,6 | 103,0 |
| Транспорттун бардык түрү менен жүргүнчүлөрдү ташуунун, млн. адам | 267,4 | 103,5 | 103,4 |
| Почта жана чабарман ишмердигинин кызмат көрсөтүүлөрү | 275,3 | 100,4 | 76,0 |
| Байланыш кызмат көрсөтүүлөрү | 9087,7 | 73,1 | 98,2 |
| Керектөө бааларынын индекси | | 102,4 | 100,7 |
| - 2016-ж. декабрына карата | 102,4 | | |
| - 2016-ж. майына карата | 103,8 | | |
| Катталган жумушсуздардын саны, миң адам | 61,6 | 105,2 | 101,1 |
| Бир кызматкердин орточо айлык номиналдык эмгек акысы[3], сом | 14193 | 105,0 | 111,9 |
| Тышкы соода жүргүзүү[4] | 1778,6 | 117,2 | 83,7 |
| анын ичинде ЕАЭБдин мүчө мамлекеттери | 677,0 | 111,7 | 115,4 |
| Экспорт[4], млн. АКШ доллары | 542,0 | 130,4 | 83,9 |
| анын ичинде ЕАЭБдин мүчө мамлекеттери | 187,8 | 123,8 | 148,9 |
| Импорт[4], млн. АКШ доллары | 1236,6 | 112,2 | 83,6 |
| анын ичинде ЕАЭБдин мүчө мамлекеттери | 489,2 | 107,7 | 72,0 |

[1] Айрым көрсөткүчтөр такталды.
[2] Физикалык көлөмдүн индекси.
[3] Январь-апрель. Чакан ишканаларды эсепке албаганда.
[4] Январь-апрель (алдын ала маалыматтар боюнча).

## 2017-жылдын январь-май айларындагы Кыргыз Республикасынын экономикалык жана социалдык өнүгүүсүнүн жыйынтыгына кыскача түшүндүрмөлөр

**Өнөр жай.** Өнөр жай өндүрүшүнүн көлөмүнүн 2017-жылдын январь-май айларындагы 34,7 пайызга жогорулашы 2016-ж. ушул мезгилине салыштырганда негизги металлдарды (1,5 эсеге) өндүрүүнүн, металл кендерин (3,9 эсеге) казуунун жана тазартылган мунайзат продуктуларын өндүрүүнүн (1,5 эсеге) өсүшү менен камсыздалды. Тамак-аш продуктуларын өндүрүүнүн (19,1 пайызга) өсүшү кум-шекерди өндүрүүнүнүн 3,9 эсеге, сүттүн жана дан азыктарын - 34,7 пайызга, сүт азыктарын өндүрүү 20,8 пайызга жогорулашынан келип чыкты. Кийимдерди өндүрүүнүн 22,0 пайызга жогорулашы эркектердин жана аялдардын сырткы кийимдерин чыгаруунун жогорулашы менен камсыздалды.

Электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоонун көлөмү 2016-жылдын январь-майынын деңгээлинен 12,2 пайызга жогору болушу электр энергиясын өндүрүүнүн жана таркатуунун, ошондой эле, газ түрүндөгү отунду бөлүштүрүүнүн өсүшүнөн келип чыкты.

**Айыл чарбасы.** 2017-ж. январь-май айларында айыл чарба дүң продукциясынын өндүрүшүнүн көлөмүнүн өсүшү негизинен мал чарбасынын продукциясынын өсүшүнөн келип чыкты.

**Курулуш.** Негизги капиталга инвестициянын көлөмүнүн өсүшү электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоодо (жабдууда), суу менен камсыздоодо, таштандыларды тазалоо жана кайрадан иштетүүдө, мейманкалардын жана ресторандардын кызмат көрсөтүүлөрүндө, маалымат жана байланыш, саламаттыкты сактоодо, ошондой эле, турак жай курулушунда байкалды.

Ошону менен бирге негизги капиталга инвестициянын төмөндөшү айыл чарбасынын, токой чарбасынын жана балык уулоочулуктун, пайдалуу кендерди казууда, иштетүү өндүрүшүндө, дүң жана чекене соодада, транспорттук ишмердүүлүктө жана жүктөрдү сактоодо, финансылык ортомчулукта жана камсыздандырууда, искусство, көңүл ачуу жана эс алуу объекттерин курууда, жана башка тейлөө ишмердүүлүгүндө ошондой эле билим берүүдө байкалды.

Ички булактардын эсебинен түшкөн инвестициялардын көлөмү 1,1 пайызга, ал эми сырткы булактардан түшкөнү 8,1 пайызга өстү.

Инвестициялардын негизги көлөмү (жалпы инвестициялардын көлөмүнөн 84,5 пайызы) пайдалуу кендерди казуудагы, электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоодогу, транспорт, мейманкалардын, ресторандардын жана турак жай тармагындагы объектилерин курууга багытталган.

**Соода.** *Дүң жана чекене сооданын*, *автомобилдерди жана мотоциклдерди оңдоонун* жүгүртүүсүнүн көлөмүнүн көбөйүүсү дүң (5,1 пайызга) жана чекене сооданын (4,4 пайызга) көлөмүнүн өсүүсү менен камсыздалды

**Баалар жана тарифтер**. Инфляциянын деңгээли үстүбүздөгү жылдын январь-май айларында керектөө секторунда 2,4 пайызды түздү. Мында үстүбүздөгү жылдын май айында өткөн айга салыштырганда керектөө бааларынын өсүшү республика боюнча 0,1 пайыз болду.

Жыл башынан бери тамак-аш азыктарынын жана алкоголсуз суусундуктардын баалары 4,6 пайызга жогорулады. Алардын олуттуу өсүшү картошка (1,9 эсеге), жашылчалар (22,9 пайызга), алмалар (12,3 пайызга), эт (2,4

пайызга), эттен жасалган консервалык жана колбаса тамактардандын (2,5 пайызга) жогорулоосу байкалды.

Жыл башынан бери баалардын өсүшү тамекинин 14,0 пайызга жана кызмат көрсөтүүдө 3,0 пайызга байкалды. Ошол эле учурда азык-түлүктүк эмес товарлардын 0,6 пайызга жана алкоголдук ичимдиктердин 3,9 пайызга баалары төмөндөдү.

Жыл башынан бери керектөө бааларынын жана тарифтеринин эң көп өсүшү (4,7 пайызга) Ош шаарында катталды, алардын минималдуу өсүшү Бишкек шаарында (1,6 пайызга) байкалды.

Тамак аш продуктулары жана алкоголсуз суусундуктары Талас облусунда (8,0 пайызга) жана Ош облустунда (7,8 пайызга) көбүрөөк кымбатады. ‡стүбүздөгү жылдын май айында алкоголдук суусундуктарынын жана тамекинин баалары 2016-ж. декабрь айына салыштырмалуу Бишкек ш. 2,2 пайызга төмөндөдү, ошол эле убакта Ош ш. 7,8 пайызга жогорулады. ‡стүбүздөгү жылдын январь-май айларында азык-түлүк эмес товарларынын баалары Ош ш. (3,0 пайызга) өскөн, Баткен облустунда тескерисинче 4,0 пайызга төмөндөгөн. Кызмат көрсөтүүлөрдүн тарифтери Бишкек ш. (3,7) көбүрөөк кымбаттаган.

**Тышкы экономикалык ишмердик.** 2016-ж. январь-апрели менен салыштырганда 2017-жылы экспорттун көлөмүнүн өсүшүнө кургатылган жемиштерди 3,1 эсеге, монетардык эмес алтынды 1,5 эсеге жана кымбат баалуу металлдардын кендери жана концентраттарынын 1,6 эсеге жогорулашы себеп болду.

Импорттук түшүүлөрдүн жогорулашы фармацевтикалык продукцияларды алып келүү 1,7 эсеге, кондитердик азыктардын жана кумшекердин 2,3 эсеге, нан жана нан азыктарынын 1,6 эсеге, күрүчтүн 2,5 эсеге, какаону камтыган шоколад жана башка продуктулардын 35,8 эсеге, ошондой эле бут кийимдин 17,9 эсеге жогорулашы менен жетишилди.

2017-ж. *ЕАЭБ мүчө-мамлекеттери менен өз ара сооданын көлөмү* 677,0 млн. АКШ долларын түзүп, 2016-ж. салыштырганда 11,7 пайызга жогорулады. Мында экспорт – 23,8 пайызга, импорт – 7,7 пайызга жогорулады. ЕАЭБ мүчө-мамлекеттери менен өз ара соодада эң көп үлүш Россияга (60,2 пайыз) жана Казакстанга (38,3 пайыз) туура келди.

Россияга экспорттолгон товарлардын ичинен кургатылган жемиштерди (3,3 эсеге), ошондой эле кийим жана ага тиешелүү буюмдарды (2,6 эсеге) чыгаруу көбөйдү.

Россиядан импорттолгон товарлардын ичинен сүт азыктарын 1,8 эсеге, дары-дармектерди 2,1 эсеге, өсүмдүк майын 14,2 пайызга киргизүү көбөйдү. Ошол эле учурда пластмассалык буюмдар 2,0 эсеге, жер-жемиштер 1,6 эсеге, кара металлдан жасалган буюмдар 30,1 пайызга киргизүү төмөндөдү.

Казакстанга экспорттолуучу товарлардын ичинен айнекти 3,2 эсеге, жер-жемиштерди 1,9 эсеге, ошондой эле сүт азыктарын 41,7 пайызга алып чыгуу көбөйдү.

Казакстандан алынып келген товарлардын ичинен кондитердик азыктарды 2,9 эсеге, мунайзаттарды 11,4 пайызга, күрүчтү 2,9 эсеге, таш көмүрдү 12,6 пайызга алып кирүү өстү. Ошол эле убакта газдалган минералдык сууларды 10,8 жана өсүмдүк майын 23,0 пайызга алып кирүү төмөндөдү.

# Кыргыз Республикасынын негизги социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрүнүн өзгөрүүсү

## Ички дүң продукт

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## “Кумтөр” кен казуу ишканаларын эске албагандагы ички дүң продукт

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Өнөр жай продукциясы

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## “Кумтөр” кен казуу ишканаларын эске албагандагы өнөр жай продукциясы

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Айыл чарбасынын дүң продукциясы

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Негизги капиталга инвестиция

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*



## Керектөө бааларынын индекси

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




*(мурунку жылдын декабрына карата пайыз менен)*




## Орточо айлык номиналдык эмгек акы

*(сом)*




## Реалдуу эмгек акы

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Импорттун көлөмү

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Экспорттун көлөмү

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*



**ЕАЭБдин мүчө мамлекеттери менен импорттун көлөмү**
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




**ЕАЭБдин мүчө мамлекеттери менен экспорттун көлөмү**
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




**Дүң жана чекене соода жүгүртүүсү**
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




**Төраганын биринчи орун басары** **А.Т. Оросбаев**